КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябрь **№47** Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагынын 2026-жылдын 9 айында жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковдун отчету жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КРнын мыйзамынын 34-беренесине жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КРнын мыйзамынын 10-беренесине таянып, ошондой эле Барскоон жергиликтүү кеңешинин регламентин жетекчиликке алып, Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковдун отчетун угуп жана талкуулап, туруктуу комиссиялардын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын 2026-жылдын 9 айында жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы "канагаттандыраарлык" деп табылсын.
2. Айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго мындан ары бюджеттик каражаттарды пландоодо жана сарптоодо бюджетке өз учурунда өзгөртүүлөрдү кеңеш тарабынан бекитип, иш алып баруу жагы тапшырылсын.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Букаровго тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска